**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

ОШ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН VI СЕССИЯСЫ
(VI ЧАКЫРЫЛЫШ)

# Т О К Т О М

2025-жылдын 27-февралы №18 Ош шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ШААРДЫК КЕҢЕШИ
Ченемдик укуктук акт катталды
«06» 03 2025ж.
№ I-18 реестр
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
Произведена регистрация
нормативно-правового акта
«06» 03 2025г.
Реестр № I-18

## 2025-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетин бекитүү жана 2026-2027-жылдарга пландык мезгили жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, 2025-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетин бекитүү жана 2026-2027-жылдарга пландык мезгили жөнүндө Ош финансы башкармалыгынын башчысы К.Абдыкадыровдун маалыматын угуп жана талкуулап, Ош шаардык Кеңешинин бюджет, экономика жана өнөр-жай маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясынын 2025-жылдын 20-февралындагы №2 чечимин, ошондой эле сессиянын жүрүшүндө депутаттар тарабынан айтылган сунуштарды эске алып, Ош шаардык Кеңеши **токтом кылат:**

1.Ош шаарынын 2025-жылга карата жергиликтүү бюджетинин кирешелери 1-тиркемеге ылайык жана чыгашалары 2-тиркемеге ылайык 3 425 313,8 миң сом суммасында бекитилсин.

2.2026-2027-жылдарга Ош шаарынын бюджетинин төмөнкүдөй пландык параметрлери 3,4-тиркемелерге ылайык жактырылсын:
- кирешелер жана чыгашалар боюнча 2026-жылга – 3 428 644,0 миң сом суммасында, 2027-жылга – 3 453 298,3 миң сом суммасында.
- 2026-2027-жылдарга жактырылган шаардын бюджетинин пландык параметрлери аларды ар бир конкреттүү мезгилге кабыл алууда такталууга тийиш.

3.Төмөнкүлөр белгиленсин:
- 2025-жылга чыгашаларды каржылоо иш жүзүндө алынган кирешелердин чегинде жүргүзүлө тургандыгы. Мында биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелер ("Эмгек акы", "Социалдык фондго төгүмдөр", "Медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алуу", "Тамак-аш азык-түлүктөрүн сатып алуу", "Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар", "Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар", "Стипендиялар"), коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр беренелери боюнча чыгашаларды, ошондой эле карыздык милдеттенмелерди каржылоо жүргүзүлсүн;

- Каражаттарды чыгымдоо жана чыгаша беренелерин максаттуу пайдалануу жоопкерчилиги бюджеттик мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын жетекчилерине жүктөлөт.

4.Ош шаары боюнча жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча 2025-жылдын 1-январына карата 5 000,0 миң сом суммасында бекитилсин.

5.Бюджеттик уюмдарга жана мекемелерге атайын каражаттарды казыначылык тутумунан тышкары пайдаланууга тыюу салынсын.

6.Ушул токтом менен бекитилген бюджеттик параметрлерди өзгөртүү ага тиешелүү түзөтүүлөр кабыл алынганга чейин зарыл болгон учурда Ош шаардык Кеңешинин бюджет, экономика жана өнөр-жай маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясы менен макулдашуу боюнча аткарылышы мүмкүн.

7.Жергиликтүү бюджеттин эсебинен Ош шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык мекеме-ишканаларга берилүүчү субсидиялардын көлөмү 5-тиркемеге ылайык бекитилсин.

8.Жергиликтүү бюджеттин эсебинен Ош шаардык билим берүү башкармалыгына караштуу билим берүү уюмдарындагы жана башка социалдык мекемелердеги балдардын жана карылардын күнүмдүк тамактануусунда төмөндөгү ченемдер белгиленсин:

1) жалпы билим берүү уюмдарындагы 1-4-класстардын окуучулары үчүн-15 сом;

2) кургак учук оорусуна каршы санатордук типтеги № 40 “Наристе” мектепке чейинки билим берүү уюмундагы балдар үчүн-50 сом;

3) № 11 “В.В. Терешкова” атындагы мектеп-интернатында жатып окуган окуучулар үчүн-110 сом;

4) № 12 “Крупская” атындагы көмөкчү мектеби окуучулары үчүн-220 сом;

5)“Алтын Уя”, “Лотос” балдар үйлөрүндөгү балдар үчүн-220 сом;

6) “Боорукердик” үй-интернатындагы карылар үчүн-200 сом, балдар үчүн-220 сом;

7) Ош шаардык бокс жана оор атлетика спорт мектебинин “Бокс интернатындагы” балдар үчүн-220 сом.

9. Ош шаардык Кеңешинин 2023-жылдын 20-июнундагы №142 токтому менен бекитилген "Ош шаарындагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана жеңилдиктерди алууга укугу бар тургундарга социалдык колдоо көрсөтүүнүн тартиби жөнүндө" жобого ылайык Ош шаарынын мэринин ай сайын берилүүчү стипендиясынын суммасы бир жаранга бир айына 1250 сом өлчөмдө белгиленсин.

10.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы № 157 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын социалдык кызматкери жөнүндө жобого" ылайык Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Ош шаардык башкармалыгында иштеген социалдык кызматкерлер үчүн бир кызматкерге бир айына 7000 сом өлчөмдө кошумча жеңилдиктер белгиленсин.

11.“Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты” муниципалдык ишканасынын, Ош шаарынын мэриясынын жарандарды тейлөө бюросунун, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын (титулдук баракчасынын эсебинен каржыланган жумушчулар), “Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак жай-коммуналдык ишканасы” муниципалдык

ишканасынын, “Ошсвет” муниципалдык ишканасынын, “Ошасфальтсервис” муниципалдык ишканасынын, Ош шаарынын маданият башкармалыгынын (иш-чаралары), “А.Суюмбаев атындагы Ош шаардык стадиону жана “Алай” футболдук клубу” муниципалдык ишканасынын, Ош шаарынын мэриясынын “Агрардык чарба” муниципалдык ишканасынын кенже тейлөөчү кызматкерлеринин кызматтык маяналарына 2025-жылдын 1-январынан тартып ай сайын төлөнүүчү үстөк акылардын өлчөмү 6-тиркемеге ылайык белгиленсин.

12.Ош шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын, Ош шаардык кеңешинин аппаратынын муниципалдык, техникалык жана кенже тейлөөчү кызматкерлеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 100 пайыз өлчөмдө үстөк 2025-жылдын 1-январынан тартып белгиленсин.

13.Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын, Ош шаардык жаштар иштери боюнча комитетинин, Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетинин, Ош шаарынын маданият башкармалыгынын, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык жана айылдык аймактык башкармалыктарынын муниципалдык кызматкерлеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 40 пайыз, башкы эсепчилерге 6250 сом, эсепчилерге, чарба башчыларына 5000 сом, айдоочуларга 3750 сом, катчыларга, операторлорго, иш кагаздарын жүргүзүүчү кызматкерлерге 2500 сом, кенже тейлөөчү кызматкерлерге 2000 сом өлчөмдө үстөк 2025-жылдын 1-январынан тартып белгиленсин.

14.Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогараждын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 7000 сом өлчөмдө үстөк 2025-жылдын 1-январынан тартып белгиленсин.

15.“Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты” муниципалдык ишканасынын, “Ошсвет” муниципалдык ишканасынын, Ош шаарынын жарандарын тейлөө бюросунун, “Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак жай-коммуналдык ишканасы” муниципалдык ишканасынын, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын (титулдук баракчасынын эсебинен каржыланган чарба башчысына), “Ошасфальтсервис” муниципалдык ишканасынын, “А.Суюмбаев атындагы Ош шаардык стадиону жана “Алай” футболдук клубу” муниципалдык ишканасынын, Ош шаарынын мэриясынын “Агрардык чарба” муниципалдык ишканасынын административдик-техникалык кызматкерлеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 40 пайыз өлчөмдө үстөк 2025-жылдын 1-январынан тартып белгиленсин.

16.Кармышак Ташбаев атындагы Ош шаардык борборлоштурулган китепкана тармагынын, “Боорукердик” үй-интернатынын, Ош шаарынын маданият башкармалыгынын эсепканасынын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 4000 сом өлчөмдө үстөк 2025-жылдын 1-январынан тартып белгиленсин.

17.Ош шаарынын мэриясынын алдындагы көп тармактуу “Үй-бүлөгө жана балдарга жардам берүү борбору” мекемесинин кызматкерлеринин кызматтык маяналарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен 6000 сом, үч психолог жана бир социалдык педагог кызматкерлеринин транспорттук чыгымдары үчүн айына 3000 сом өлчөмдө үстөк 2025-жылдын 1-январынан белгиленсин.

18.Ош шаарынын жарандарын социалдык жактан коргоо боюнча иш-чараларын каржылоого чыгашалар 7-тиркемеге ылайык бекитилсин.

19.2025-2026-2027-жылдарга Ош шаары боюнча бюджеттик программалардын жана чаралардын түзүмү 8-тиркемеге ылайык бекитилсин.

20.Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын 1-январына калган акча каражатынын калдыгынын эсебинен каржылануучу иш-чаралардын тизмеси 9-тиркемеге ылайык бекитилсин.

21.Салык жана салыктык эмес түшүүлөр боюнча бекитилген киреше бөлүктүн (ар бир түрү боюнча) толук көлөмдө аткарылышы үчүн Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары боюнча башкармалыгынын, Мамлекеттик салык кызматынын Ош шаары жана түштүк региону боюнча ири салык төлөөчүлөрдү көзөмөлдөө башкармалыгынын, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын, “Ош шаарынын борбордук базар дирекциясы”, “Жапалак автоунаа базары” муниципалдык ишканаларынын жетекчилерине жеке жоопкерчилик жүктөлсүн.

22. Ош шаарынын мэриясына:
-2025-жылдын ар кварталы сайын Ош шаарынын 2025-жылдагы бюджетинин аткарылышы боюнча отчетун даярдоо;
-2025-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы менен Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин эсебинен Ош шаарынын 2050-жылга чейинки башкы планын иштеп чыгууга акча каражатын таап, каржылоо жагы тапшырылсын.

23.Токтом мыйзамда каралган тартипте катталсын жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын.

24. Токтом жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

25.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаардык Кеңешинин бюджет, экономика жана өнөр-жай маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына (К.И.Шайиев) жүктөлсүн.

26.Ушул токтом 2025-жылдын 1-январынан тартып колдонулат.

**Ош шаардык Кеңешинин төрагасы** **Б.Т.Баетов**

Ош шаардык кеңешинин
2025-жылдын 27-февралындагы
VI сессиясынын
№18 токтомунун 1-тиркемеси

**2025-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин кирешелер бөлүгү**

(миң сом)

| № | Кирешелер | Суммасы |
|---|---|---|
| | **Салык кирешелери** | **2 410 753,8** |
| 1 | Киреше салыгы | 1 903 143,0 |
| 2 | Патенттин негизиндеги салык | 83 000,0 |
| 3 | Кыймылсыз мүлккө салык | 238 305,8 |
| 4 | Транспорт каражаттарынын ээлеринен алынуучу салык | 73 247,0 |
| 5 | Тамарка жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 40 000,0 |
| 6 | Айыл чарбасына жарактуу жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 3 200,0 |
| 7 | Айыл чарбасына жараксыз жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 65 145,0 |
| 8 | Жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык | 4 713,0 |
| | **Салыктык эмес кирешелер** | **603 560,0** |
| 9 | Мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн акы төлөө | 202 470,0 |
| 10 | Жерлердин ижарасы үчүн акы төлөө | 347 530,0 |
| 11 | Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысы | 25 500,0 |
| 12 | Таштандыларды ташып чыгууга жыйымдар | 3 550,0 |
| 13 | Автотранспорт токтоочу жайлардан алынуучу жыйым | 10 000,0 |
| 14 | Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | 700,0 |
| 15 | Алкоголдук жана этил спирт продукцияларына лицензия алуудан түшүүчү төлөмдөр | 2 200,0 |
| 16 | Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн жыйым | 11 610,0 |
| | **Жалпысы (атайын каражаттарды кошпогондо)** | **3 014 313,8** |
| 17 | Атайын каражаттар | 411 000,0 |
| | **Жалпысы (атайын каражаттарды кошкондо)** | **3 425 313,8** |

**Ош шаардык Кеңешинин**
**аппарат жетекчиси** **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2025-жылдын 27-февралындагы
VI сессиясынын
№18 токтомунун 2-тиркемеси

**2025-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин**
**чыгашалар бөлүгү**

(миң сом)

| № | Чыгашалар | Суммасы |
|---|---|---|
| **701** | **Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар, анын ичинен:** | **800 019,2** |
| | мэриянын резервдик фонду | 30 000,0 |
| | тышкы карыздарды тейлөөгө | 377 448,0 |
| | атайын каражаттар | 56 000,0 |
| **702** | **Коргоо тармагы** | **10 018,7** |
| **704** | **Экономикалык маселелер** | **461 215,0** |
| | атайын каражаттар | 2 750,9 |
| **706** | **Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр** | **952 704,3** |
| | атайын каражаттар | 3 041,4 |
| **708** | **Эс алуу, спорт жана маданият тармагы** | **232 038,5** |
| | атайын каражаттар | 500,0 |
| **709** | **Билим берүү** | **938 770,4** |
| | атайын каражаттар | 348 407,7 |
| **710** | **Социалдык коргоо** | **30 547,7** |
| | атайын каражаттар | 300,0 |
| | **Жалпы** | **3 425 313,8** |
| | атайын каражаттар | 411 000,0 |

**Ош шаардык Кеңешинин**
**аппарат жетекчиси** **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2025-жылдын 27-февралындагы
VI сессиясынын
№18 токтомунун 3-тиркемеси

**2026-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин кирешелеринин жана чыгашаларынын пландык көрсөткүчтөрү**

(миң сом)

| № | Кирешелер | Суммасы |
|---|---|---|
| | **Салык кирешелери** | **2 399 644,0** |
| 1 | Киреше салыгы | 1 972 204,8 |
| 2 | Патенттин негизиндеги салык | 70 000,0 |
| 3 | Кыймылсыз мүлккө салык | 242 000,0 |
| 4 | Тамарка жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 42 000,0 |
| 5 | Айыл чарбасына жараксыз жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 68 500,0 |
| 6 | Жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык | 4 939,2 |
| | **Салыктык эмес кирешелер** | **611 750,0** |
| 7 | Мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн  акы төлөө | 205 000,0 |
| 8 | Жерлердин ижарасы үчүн акы төлөө | 350 000,0 |
| 9 | Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысы | 27 000,0 |
| 10 | Таштандыларды ташып чыгууга жыйымдар | 3 700,0 |
| 11 | Автотранспорт токтоочу жайлардан алынуучу жыйым | 11 000,0 |
| 12 | Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | 750,0 |
| 13 | Алкоголдук жана этил спирт продукцияларына лицензия алуудан түшүүчү төлөмдөр | 2 300,0 |
| 14 | Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн жыйым | 12 000,0 |
| | **Жалпысы (атайын каражаттарды кошпогондо)** | **3 011 394,0** |
| 15 | Атайын каражаттар | 417 250,0 |
| | **Жалпысы (атайын каражаттарды кошкондо)** | **3 428 644,0** |
| | | |
| | **Чыгашалар** | **Суммасы** |
| **701** | **Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар** | **800 797,0** |
| | атайын каражаттар | 56 851,6 |
| **702** | **Коргоо тармагы** | **10 028,4** |
| **704** | **Экономикалык маселелер** | **461 663,4** |
| | атайын каражаттар | 2 792,7 |
| **706** | **Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр** | **953 630,6** |
| | атайын каражаттар | 3 087,6 |
| **708** | **Эс алуу, спорт жана маданият тармагы** | **232 264,1** |
| | атайын каражаттар | 507,6 |
| **709** | **Билим берүү** | **939 683,1** |
| | атайын каражаттар | 353 705,9 |
| **710** | **Социалдык коргоо** | **30 577,4** |
| | атайын каражаттар | 304,6 |
| | **Жалпы чыгашалар:** | **3 428 644,0** |
| | атайын каражаттар | 417 250,0 |

**Ош шаардык Кеңешинин**
**аппарат жетекчиси** **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2025-жылдын 27-февралындагы
VI сессиясынын
№18 токтомунун 4-тиркемеси

**2027-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин кирешелеринин жана чыгашаларынын пландык көрсөткүчтөрү**

(миң сом)

| № | Кирешелер | Суммасы |
|---|---|---|
| | **Салык кирешелери** | **2 405 098,3** |
| 1 | Киреше салыгы | 1 974 630,6 |
| 2 | Патенттин негизиндеги салык | 65 000,0 |
| 3 | Кыймылсыз мүлккө салык | 246 000,0 |
| 4 | Тамарка жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 45 000,0 |
| 5 | Айыл чарбасына жараксыз жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 69 000,0 |
| 6 | Жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык | 5 467,7 |
| | **Салыктык эмес кирешелер** | **623 200,0** |
| 7 | Мамлекеттик имараттарды ижарага берүүдөн акы төлөө | 207 000,0 |
| 8 | Жерлердин ижарасы үчүн акы төлөө | 354 000,0 |
| 9 | Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акысы | 30 000,0 |
| 10 | Таштандыларды ташып чыгууга жыйымдар | 4 000,0 |
| 11 | Автотранспорт токтоочу жайлардан алынуучу жыйым | 12 000,0 |
| 12 | Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | 800,0 |
| 13 | Алкоголдук жана этил спирт продукцияларына лицензия алуудан түшүүчү төлөмдөр | 2 400,0 |
| 14 | Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн жыйым | 13 000,0 |
| | **Жалпысы (атайын каражаттарды кошпогондо)** | **3 028 298,3** |
| 15 | Атайын каражаттар | 425 000,0 |
| | **Жалпысы (атайын каражаттарды кошкондо)** | **3 453 298,3** |
| | | |
| | **Чыгашалар** | **Суммасы** |
| **701** | **Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар** | **806 555,3** |
| | атайын каражаттар | 57 907,5 |
| **702** | **Коргоо тармагы** | **10 100,6** |
| **704** | **Экономикалык маселелер** | **464 983,1** |
| | атайын каражаттар | 2 844,6 |
| **706** | **Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр** | **960 487,9** |
| | атайын каражаттар | 3 145,0 |
| **708** | **Эс алуу, спорт жана маданият тармагы** | **233 934,2** |
| | атайын каражаттар | 517,0 |
| **709** | **Билим берүү** | **946 440,1** |
| | атайын каражаттар | 360 275,6 |
| **710** | **Социалдык коргоо** | **30 797,3** |
| | атайын каражаттар | 310,2 |
| | **Жалпы чыгашалар:** | **3 453 298,3** |
| | атайын каражаттар | 425 000,0 |

**Ош шаардык Кеңешинин**
**аппарат жетекчиси** **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2025-жылдын 27-февралындагы
VI сессиясынын
№18 токтомунун 5-тиркемеси

**2025-жылга Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинен**
**субсидия берилүүчү мекеме-ишканалар**

(миң сом)

| № | Ишканалардын аталышы | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | Ош шаардык автоунаа муниципалдык ишканасы | 80 000,0 |
| 2 | “Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак жай-коммуналдык ишканасы” муниципалдык ишканасы | 24 154,1 |
| 3 | А.Суюмбаев атындагы "Ош шаардык стадиону" жана "Алай" футболдук клубу муниципалдык ишканасы | 115 000,0 |
| 4 | Ош шамы гезитинин редакциясы | 3 000,0 |
| 5 | “ОшТВ” телерадиокомпаниясы | 2 000,0 |
|  | **Жалпы** | **224 154,1** |

**Ош шаардык Кеңешинин**
**аппарат жетекчиси** **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2025-жылдын 27-февралындагы
VI сессиясынын
№18 токтомунун 6-тиркемеси

**Ош шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык мекемелердин, ишканалардын кенже тейлөөчү кызматкерлеринин эмгек акысына кошумча төлөмдөр**

(сом)

| № | Кызматтардын аталышы | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | Автобустун, жүк ташуучу автоунаанын айдоочусу | 6 000 |
| 2 | Жеңил автоунаанын айдоочусу | 4 500 |
| 3 | Транспорттук-жыйноочу машина, электр жана автомашинанын айдоочусу | 6 000 |
| 4 | Уста, сантехник, слесарь, электрик, ширетүүчү, жүктөгүч, ит атар, жумушчу (короо тазалоочу, калктуу конуштарды көрктөндүрүү боюнча жумушчу, көчө шыпыруучу, ж.б.) | 12 000 |
| 5 | Электромонтер | 12 000 |
| 6 | Жол оңдоочу жумушчу | 16 500 |
| 7 | Көр казуучу | 4 500 |
| 8 | Кароолчу (вахтер), имараттарды тейлөө жана кезектеги оңдоп-түзөө иштерин жүргүзгөн жумушчу, кызматтык жайларды тазалоочу | 2 300 |

**Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси** **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2025-жылдын 27-февралындагы
VI сессиясынын
№18 токтомунун 7-тиркемеси

**2025-жылга Ош шаарынын жарандарын социалдык жактан коргоо боюнча иш-чараларына каралган чыгымдар**

(миң сом)

| № | Аталышы | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" мыйзамынын алкагында коомдук пайдалуу долбоорлорду ишке ашырууга | 1 500,0 |
| 2 | Ош шаардык Кеңешинин 2023-жылдын 20-июнундагы №142 токтому менен бекитилген "Ош шаарындагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана жеңилдиктерди алууга укугу бар тургундарга социалдык колдоо көрсөтүүнүн тартиби жөнүндө" жобого ылайык 2 жашка чейинки балдарды акысыз сүт азыктары менен камсыздоого | 3 000,0 |
| 4 | Ош шаардык Кеңешинин 2023-жылдын 20-июнундагы №142 токтому менен бекитилген "Ош шаарындагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана жеңилдиктерди алууга укугу бар тургундарга социалдык колдоо көрсөтүүнүн тартиби жөнүндө" жобого ылайык Ош шаарынын мэринин ай сайын берилүүчү стипендиясы (бир жаранга бир айына 1250 сом өлчөмүндө) | 2 000,0 |
| 5 | ВИЧ Спид оорусун жуктурган балдарга материалдык жардам көрсөтүүгө (бир балага бир айына 1000 сом өлчөмүндө) | 276,0 |
| 6 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы №434 токтому менен бекитилген "Расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө" жобого ылайык расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул | 300,0 |
| 7 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-февралындагы № 157 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын социалдык кызматкери жөнүндө жобого" ылайык Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Ош шаардык башкармалыгында иштеген социалдык кызматкерлер үчүн кошумча жеңилдиктерге (бир кызматкерге бир айына 7000 сом өлчөмүндө) | 2 520,0 |
| | **Жалпы** | **9 596,0** |

**Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси** **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2025-жылдын 27-февралындагы
VI сессиясынын
№18 токтомуна 8-тиркемеси

**2025-2026-2027-жылдарга Ош шаары боюнча бюджеттик программалардын жана чаралардын түзүмү**

(миң сом)

| ПР коду | Бюджеттик программалар | Программалар боюнча каржылоо | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **2025-жылга** | **2026-жылга пландык көрсөткүч** | **2027-жылга пландык көрсөткүч** |
| 001 | Пландоо, башкаруу жана администрлөө<br>Программанын максаты:<br>Башка программаларды ишке ашырууга кординациялык жана уюштуруучулук таасирин тийгизүү | 721 622,0 | 722 323,7 | 727 517,7 |
| 002 | Экономикалык өнүктүрүү<br>Программанын максаты:<br>Шаардын инфраструктуранын жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү жолу менен экономикалык өнүктүрүүгө жана ишке орноштурууну жогорулатууга көмөк көрсөтүү | 1 082 742,7 | 1 083 795,3 | 1 091 588,6 |
| 003 | Айлана чөйрөнү коргоо<br>Программанын максаты:<br>Экологиялык чөйрөнүн абалын жакшыртуу | 228 409,8 | 228 631,9 | 230 275,9 |
| 004 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр<br>Программанын максаты:<br>Калкты турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр менен тейлөөнүн сапатын жакшыртуу | 167 499,0 | 167 661,8 | 168 867,4 |
| 005 | Коопсуздук жана укук тартиби<br>Программанын максаты:<br>Жарандык коргонуу, өзгөчө кырдаалдан калкты жана аймактарды коргоо, коомдук коопсуздукту камсыздоо жана укук тартибин коргоо жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу | 15 367,1 | 15 382,0 | 15 492,6 |
| 006 | Эс алуу, маданият жана спорт<br>Программанын максаты:<br>Калкты маданият жана спорттук иш чараларга тартууну кеңейтүү, эс алуу жана бош убакыттарды өткөрүү шарттарын жакшыртуу | 232 038,5 | 232 264,1 | 233 934,2 |
| 007 | Билим берүүгө колдоо көрсөтүү<br>Программанын максаты:<br>Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү үчүн жагымдуу шарттарды камсыздоо | 935 773,8 | 936 683,6 | 943 419,0 |
| 008 | Социалдык коргоо<br>Программанын максаты:<br>Калктын бардык аярлуу катмарын социалдык кызмат көрсөтүүлөр менен камтылышын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу | 41 860,9 | 41 901,6 | 42 202,9 |
| | **Жалпы** | **3 425 313,8** | **3 428 644,0** | **3 453 298,3** |

**Ош шаардык Кеңешинин**
**аппарат жетекчиси** **И.Э. Абдыраимов**

Ош шаардык Кеңешинин
2025-жылдын 27-февралындагы
VI сессиясынын
№18 токтомунун 9-тиркемеси

**Ош шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын 1-январына калган акча каражатынын калдыгынын эсебинен каржылануучу иш-чаралардын тизмеси**

(миң сом)

| № | Иш чаралар | Суммасы |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын "Аксакалдар соттору жөнүндө" мыйзамына ылайык Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык жана айылдык аймактык башкармалыктарындагы аксакалдар сотторунун мүчөлөрүнө жеңилдиктерге жана материалдык сыйлыктарды берүүгө, канцелярдык товарлар менен камсыздоого | 560,5 |
| 2 | Ош шаардык Кеңешинин курьердик кызматтарды аткаруунун айлык акысына жана күйүүчү майына | 304,4 |
| 3 | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 31-декабрындагы № 866-т тескемесине, Ош шаардык Кеңешинин 2024-жылдын 24-июлундагы № 225 "Ош шаарындагы Базар көчөсүндө жайгашкан борбордук базарды башка жайга көчүрүү жөнүндөгү" токтомуна жана Ош шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 7-августундагы № 409 буйругуна ылайык Кызыл-Кыштак айылдык аймактык башкармалыгындагы Ош шаарынын борбордук базарынын курулушуна жана инфраструктурасын жакшыртууга | 150 000,0 |
| 4 | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы № 122 "Кыргыз Республикасында 2025-жылы айыл чарба каттоосуна даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө" токтомуна ылайык айыл чарба каттоосуна даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча иш чараларга | 500,0 |
| | **Жалпы** | **151 364,9** |

**Ош шаардык Кеңешинин аппарат жетекчиси** — **И.Э. Абдыраимов**